КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ
АК-ДӨБӨ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ
АК-ДЮБИНСКОГО АЙЫЛНОГО
АЙМАКА

Тилекмат айылы,
Асаналиева № 42

факс 60201
тел. 60203

село Тилекмат,
ул.Асаналиева № 42

ДЕПУТАТТАРДЫН АК-ДӨБӨ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН XXVIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКСИЗ СЕССИЯСЫНЫН

# ТОКТОМУ

03-май 2022-жыл №38 Тилекмат айылы

**Милиция менен калктын ортосундагы социалдык өнөктөштүк боюнча.**

Кыргыз Республикасындагы “Сейферуолд” уюмунун жергиликтүү кеңсеси жана “Эл аралык толеранттуулук үчүн” Фонду, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги жана АКШ Өкмөтүнүн каржылык колдоосу менен биргеликте милиция кызматкерлеринин, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана коомчулуктун ортосундагы социалдык өнөктөштүктү өнүктүрүүгө багытталган “Коомдук алдын алуу борборлорун колдоо программасына” катышуу демилгени Жети-Өгүз райондук ички иштер бөлүмүнүн кооптук коопсуздук кызматынын милициясынын участкалык уполномоченный милициянын лейтинанты Дүйшөнкулов Аскар Мухтарбековичтин билдирүүсүн угуп жана талкуулап айылдык кенеш токтом кылат:

1. Ак-Дөбө айыл аймагында милиция кызматкерлеринин, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана коомчулуктун ортосундагы социалдык өнөктөштүктү өнүктүрүүгө багытталган “Коомдук алдын алуу борборлорун колдоо программасына” катышуу боюнча демилге колдоого алынсын.

2. “Коомдук алдын алуу борборлорун колдоо программасына катышуу” демилгеге Ак-Дөбө айыл аймагынан тиешелүү жер тилкеси бөлүнүп берилсин жана айыл өкмөт башчысы тарабынан өздүк салым үчүн 500000 (беш жүз миң) сомго кепилдик катын берүүгө макулдук берилсин.

3. Токтомдун аткарылышын айыл өкмөт башчысы М.Алиевге жүктөлсүн.

**Төрагасы** **А.Тыныбеков**